ЭркинТоо
мамлекеттик расмий гезити

• БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ АЙДЫҢЫНДА



***Гезитибиздин бул санында жарыяланып жаткан төмөнкү маекте кредит алуучу кардарларга эмес финансы кредиттик мекемелерге жана микрокредиттик уюмдарга коюлуучу талаптар баяндалууда. Анткени кардарлардын укугу дайыма сакталууга жана корголууга тийиш. Кардарлар өз укуктарын жана кызыкчылыктарын биле жүргөнү абзел. Бул боюнча КР Улуттук банкынын адиси Эмир Бообеков кеңири маалымат берет.***

## КР Улуттук банкынын Керектөөчүлөр укугун коргоо жана финансылык сабаттуулук бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Эмир Бообеков:



# “КАРДАРЛАРДЫН МЫЙЗАМДЫК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН КОРГОО МААНИЛҮҮ”

**– Эмир Замирбекович, Банктык жана микрофинансылык кызматтарды көрсөтүү тартибине карата талаптар эмне үчүн керек?**

– Мындай талаптар финансы-кредит мекемелери менен кардарлардын ортосундагы мамилелерди тартипке келтирүү финансы-кредиттик мекемелер тарабынан кандай болбосун кыянаттыктарга жол бербөө менен кардарлардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо үчүн керек.

**– Банктык жана микрофинансылык кызматтарды көрсөтүү тартибине карата талаптар кайсы документтерде каралган?**

– Жалпысынан, банктык жана микрофинансылык кызматтарды көрсөтүү тартибине карата талаптар Жарандык кодексте, “Кыргыз Республикасында банктар жана банк иши жөнүндөгү”, “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндөгү” Мыйзамдарда жана башка мыйзамдарда, ошондой эле Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн.

Мен Улуттук банк тарабынан былтыр кабыл алынган дал ушул банктык жана микрофинансылык кызмат көрсөтүү тартибин атайын жөнгө салып турган ченемдик-укуктук бир актыны өзүнчө белгилеп кетейин. Анын аталышы «Финансылык кызматтарды сунуштоо жана керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо тартибине карата минималдуу талаптар жөнүндөгү Жобо». Ал атайын банктык жана микрофинансылык кызматтарды көрсөтүү тартибин жөнгө салып турат. Бул документте финансы-кредиттик мекемелердин кызматтары тууралуу маалыматты ачыкка чыгарууга, финансы-кредиттик мекемелер менен кардарлардын ортосунда түзүлүп жаткан келишимдердин мазмунуна жана түзүлүүсүнө карата талаптар камтылган, финансы-кредиттик мекемелердин милдеттери, кардарлардын укуктары көрсөтүлгөн.

**– Тактап айтканда, бул кайсы талаптар?**

– Банктык жана микрофинансылык кызматтарды көрсөтүү тартибине карата талаптарды шарттуу түрдө жалпы жана атайын талаптарга бөлүп койсо болот. Жалпы талаптар каторы финансы-кредиттик мекемелердин бүт кызматтарына карата талаптарды кошсок болот. Тагырак айтканда, аларга төмөндөгүдөй нормалар кирет:

Финансы-кредиттик мекемелер керектөөчүнүн талабы боюнча аларды устав, финансылык отчет, ошондой эле Улуттук банк тарабынан берилген лицензия (күбөлүк) менен тааныштырууга милдеттүү.

Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоонун жалпы шарттары, анын ичинде пайыздар, комиссиялар, тарифтер жөнүндөгү маалыматтар ачык-айкын маалыматтар болуп эсептелинет, ал коммерциялык же банктык сырдын предмети болбошу керек.

Ар кандай келишимди түзгөнгө чейин керектөөчү сунушталып жаткан кызмат боюнча маалымат менен толук бойдон камсыз болууга тийиш. Андан баш тартууга жол берилбейт. Мында кайрылган кишинин сабаттуулугу канчалык деңгээлде экендиги эске алынбайт. Кандай гана учурда болбосун банк же микрофинансылык уюм кардардын суроо берүүсүн күтүп отурбай, өздөрү көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүнүн шарттары, аларга байланыштуу келип чыккан тобокелдиктер жана жоопкерчиликтер жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарып, керектөөчүгө түшүндүрүлүшү зарыл.

**– Сиз келишим жөнүндө айтып кеттиңиз. Келишимди түзүүгө карата талаптар барбы?**

- Ооба, келишимдердин тексти чоңдугу 12ден кем эмес шрифт менен бирдей жазылышы керек. Текст мүмкүн болушунча так баяндалып, керектөөчүгө түшүнүктүү жана жеткиликтүү болушу зарыл. Керектөөчүнүн тандоосу боюнча келишимдин тексти мамлекеттик же расмий тилде түзүлөт. Финансы-кредиттик мекеме ыңгайына жараша келишимдин текстин башка тилге которуу мүмкүн, бирок мындай келишим мамлекеттик же расмий тилде да болушу керек.

**– Кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүнө, мисалы, кредиттөөгө карата талаптар каралганбы?**

– Кредиттөөгө да өзүнчө талаптар бар. Эгер бир адам банкка кредит алайын деп кайрылса, анда банк милдеттүү түрдө акысыз ошол адам менен бирге кредит тууралуу негизги маалыматтар баракчасын толтуруп берет. Ал киши ошол толтурулган баракчаны башка банктардын кредиттөө шарттарын салыштыруу үчүн өзүнө алууга укуктуу. Баракчанын формасы менен аталган Жобонун биринчи тиркемесин карап, таанышып алсаңыз болот.

Кредиттик келишим түзүлгөнгө чейин карыз алуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгү, иш менен камсыз болуу көрсөткүчтөрү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн киреше-чыгашалар көлөмү, багуусунда тургандардын саны жана башка көрсөткүчтөр кылдат изилденип чыгышы керек.

Эгерде кандайдыр бир жыйымдар, комиссиялык жана башка төлөмдөр жарыяланбаса, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлбөсө, анда аларды кредиттик келишим шарттарына киргизүүгө болбойт, мындай иш-аракеттерге тыюу салынат.





Кредиттик келишимде кредиттик келишим түзүлгөндөн кийинки мезгилде же акча каражатын алуунун алдында кардардын кредит алуудан акы төлөбөй туруп, баш тартуу укугуна ээ экендиги көрсөтүлүүгө тийиш.

Кредиттик келишимде кардар отуз календардык күн мурда алдын ала жазуу түрүндө билдирме берүү иштери менен алган кредитин айып акы санкцияларысыз мөөнөтүнөн мурда төлөп берүүгө укуктуулугу каралууга тийиш.

Кредитти төлөөнү мөөнөтүнөн кечиктиргендиги боюнча айып акылардын суммасы берилген кредиттин суммасынын жыйырма пайызынан ашпоого тийиш.

Күрөө предмети болгон жалгыз турак жайды соттук тартипте гана өндүрүүгө тийиш, мында ал ачык тоорук аркылуу сатылат.

**– ФКМдер тарабынан жогоруда аталган талаптар бузулуп жатса, эмне кылуу керек?**

– Мында эң эле жакшы жолу – бул жазуу түрүндө ошол талаптарды бузган ФКМге кайрылуу зарыл. ФКМ Сиздин кайрылууңузга 10 жумушчу күн ичинде жооп берет. Мындан тышкары дароо эле Улуттук банкка кайрылууга укугуңуз бар.

**– Улуттук банк кредитин төлөй албай калган жарандарга кандай жардам бере алат же алардын талаптары боюнча кандай позицияда?**

– Улуттук банк кредитин төлөй албай калган жарандарга түздөн-түз кредитин, пайыздарын кечтирип же башкача кредиттик келишимди өзгөртүү жолу менен жардам бере албайт, анткени мындай иш-аракеттер мыйзамга карама-каршы келет. Улуттук банк кредиттик келишимдин тараптарынын ортосундагы мамилелерге кийлигишүүгө ыйгарым укугу жок, мыйзамда тыюу салынган. Бирок, мыйзамда каралган башкача жардам – көмөк көрсөтүүгө укуктуу. Тактап айтканда, Улуттук банк жарандардын кредиттик мамилелерден келип чыккан карым-катнаштарында укуктары одоно бузулуп жатса, анда кийлигишип, ошол укуктарды ордуна келтирип, мыйзамдык кызыкчылыктарды сактоого аракет көрөт. Тагырак айтканда, банктык же башка финансылык кызматтардан пайдаланган керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо иштерин алып барат. Ал эми, мыйзамда каралган укуктар бузулбаса, көйгөйдүн себеби бир гана кредитти төлөө кыйынчылыгы болсо, мындай учурларда жардам берүүгө мүмкүнчүлүгүбүз чектелген, анткени жогоруда айткандай, негизсиз кредиттик мамилелерге кийлигишүүгө укугубуз жок. Ошол эле учурда, жарандарга көйгөйдөн чыгуу жолдорун кеңеш кылып, түшүндүрмө иштерин жүргүзөбүз.

**Маектешкен**
**Абдимухтар**
**АБИЛОВ**